Приложение 6

к постановлению президиума

ВАК Кыргызской Республики

от 27 декабря 2016 года № 234

**Паспорт научной специальности**

**Адистиктин шифри:**
**10.02.06. – түрк тилдери**

**Адистиктин формуласы:**

10.02.06. – «түрк тилдери» адистигинин мазмунун байыркы түрк тили, түрк тилдеринин келип чыгышы, тарыхый өнүгүшү, азыркы абалы, колдонулуш өзгөчөлүктөрүн изилдөө түзөт.

Түрк тилдерине огуз тобу (түрк, түркмөн, азербайжан, карайым, гагауз тили), кыпчак тобу (татар, крым татар, башкыр, ногой, карачай-балкар, кумык, каракалпак, казак тили), карлук тобу (өзбек, уйгур тили), сибирь тобу (хакас, якут, шор,тыва, тофалар тили), кыргыз-кыпчак тобу (кыргыз, алтай тили).

**Изилдөө тармагы:** байыркы түрк тили, анын алтай тилдери менен байланышы, лексикалык курамы, грамматикалык түзүлүшү, диалектилерге бөлүнүшү, байыркы түрк жазма эстеликтери, түрк тилинин өз алдынча топторунун, топчолорунун пайда болушу, калыптанышы, түрк тилдеринин өнүгүшүнүн жалпы жана индивидуалдуу тенденциялары, орто кылымдагы түрк жазма эстеликтери, М.Кашгаринин «Дивани-лугат-түркү». Ж.Баласагын «Кутадгу билиги», орто кылымдагы сөздүктөр, грамматикалар, азыркы түрк тилдеринин грамматикалык, лексикалык жана фразеологиялык, өзгөчөлүктөрү, функционалдык, стилдик табияты, түрк тилдерине тектештирме-тарыхый жана салыштырма-типологиялык анализ, түрк тилдеринин ар түрдүү социалдык, маданий чөйрөлөрдө колдонулушун

иликтөө, тигил же бул тилдик көрүнүштү бир түрк тилинен экинчи түрк тилине же башка тилге которуудагы маселелер, түрк тилдерин изилдөөнүн атайын методдору, тилдик фактылар байыркы түрк маданиятын изилдөөнүн булагы катары.

**Илим тармагы:**

**филологиялык илимдер**